ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

**ГАПАРОВ**
lib.knu@mail.ru

# АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ ЭТНОПЕДАГОГИКА ЖАНА МАДАНИЯТ

Кыргыз элинин маданияты дүйнөлүк маданияттын составына кирүү менен өз алдынчалыгы, рухий баалуулугу менен өзгөчөлөнүп турат. Социалдык - тарыхый шарттарда элибиздин маданиятыньы, этнопедагогикасынын өнүгүшүнө акындар чоң салым кошушкан. Акындар элдик оозеки чыгармаларды эсинде сакташып, байытып, ар түрдүү жыйындарда айтышып, кийинки муундарга өткөрүп беришкен.

«Анын имприовизаторлордун ырчылык искусствосун элдик эпостон кийинки этап, бир аз жогору тепкичте турган көркөм кубулуш деп кароо ылайык Фольклордун нускалуу салттарына каныккан бул өнөр (акындык поэзия) идеялуулук менен чеберчиликтин оозеки адабият буга чейин жетпеген чокуларына чыга алды».'

Элдин тарыхын, мадаииятьш сактаи, кийинки жаш муундарга бере алган талаштуу адамдар бол юн. Алар элдин урмат-сыйына татыктуу болушуп «эл ырчылары» деген наам алышкан. Акындар өзүлөрүнүн дүйпн таанышынын мүмкунчүлүктөрүнө жараша адабии, маданий, этнопёдагогикалык мурас - калтырышты, Мына ушул мурастарды терец изилдеп, жаш муундарга үйрөтүү маанилүү милдеттердин бири болуп калды.

Акындардын чыгармаларында таалим-тарбиялык идеялар, маданият маселелери кеңири орун алган. Кыргыз элинин ак таңдай акындарынын мына ушул багыттагы маселелери педагог – окумуштууларыбыз Э.Измаиловдун, М.Р.Рахимованын, Т.В.Панкованын, Н.Имаеванын, Ж.Койчумановдун, А.Калдыбаеванын эмгектеринде каралган. Окумуштуулар, акындар этнопедагогиканын идеясын көркөм сөз өнөрү менен өнүктүргөн деп белгилешкен. Ал эми элдик педагогика деп элдин жашоо тиричилигинде укладында (тартибинде)сакталган, оозеки элдик чыгармачылыкты, салт-санааларды, үрп-адаттарды, балдар оюндарында ж.б.ларда чагылдырылган педагогикалык маалыматтардын (билимдердин) жана тарбия берүү тажрыйбаларынын жыйындысын түшүнүүгө болот»[1].

Биз акындар өнүктүрүп келген элдик педагогикадан элдин кылымдан-кылымга, муундан-муунга өтүп келген тарбиялоодогу маданиятын биле алабыз.

Элдик каада-салттар, оозеки чыгармачылык коом енүккөн сайын өнүгүп, руханий маданияттын өзөгүн түзүп, анын уланып кете беришине өбөлгө түзгөн. Кыргыз элинин оозеки чыгармалары өз кезегинде жалаң гана тарбиялык, билим берүүчүлүк милдетти гана аткарбастан маданиятты сактоонун, аны улантуунун каражаты болуп келген/. Макал-лакаптар,

---

[1] Рахимова М.Р., Панкова Т.В., Калдыбаева А.Т. Педагогика тарыхынын. – Бишкек, 1997. - 15-бет.

жомоктор, эпикалык чыгармалар адамдардагы асыл салттарды калыптандырууга байланышкан көз караштарды, элдик маданият жөнүндөгү маселелерди камтыйт.

Кыргыз элинин маданиятын өнүктүрүүдө эпикалык чыгармалар мааниге ээ болот. Эпикалык чыгармалар (өзгөчө эпостор) элибиздин рухий мадаиниятынын эстелиги болуу менен, элдик турмуштук кадамдарды кучагына алган тарыхын үйрөтөт.

Белгилей кетүү керек, кыргыз элинде эпикалык чыгармалар коомдук аң-сезимди, маданиятты туюнтуунун жолу болгон. Аларда элдин жашоо образы, үрп-адаттары, үй-бүлөлүк уклады ж. б. маселелери чагы лд ыры л ган.

Эпикалык чыгармалардын ичинен «Манас» эпосу дүйнөлүк маданиятта негизги орунду ээлейт. Элибиздин көрүнүктүү окумуштуусу Б.М.Юнусалиев «Манас» эпосунун тарыхый-маданий мааниси ал көп кылымдар бою кыргыз элинин эстетикалык табитин жана улуттук мүнөзүн калыптандырууга зор таасир эткенинде... Эпос өзүнүн бардык угуучуларын жүрүм-турумдун этикалык нормаларына үйрөтөт» -деп белгилеген.

«Манас» эпосу кыргыз элинин тарыхый өнүгүшүнүн жана маданиятынын энциклопедиясы боло алат. «Чынында эле «Манас» өткөндөгү кыргыз элинин келберсиген чалкар дүйнөсүн бүткү керемет-кемели менен көз алдыга тартап, бул анын дүйнөлүк маданияттын панорамасындагы залкар көркөм полотносу»[2] болот. Эпосто кыргыз элинин маданияты, элдик педагогикасы ж.б, маселелер кеңири орунду ээлейт.

Кыргыз элинин баатырдык кенже эпосторунан даты элдик педагогиканын негиздерин, маданияттын маселелерин таба алабыз.

Кыргыз элинин маданиятын өнүктүрүүдө, этнопедагогикасын байытууда акындардын ролу чоң. Төмөндө акындар поэзиясынын айрым өкүлдөрүнүн тарбия берүүчүлүк, маданияттык жагдайларына кыскача токтоло кетмекчибиз.

XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап кыргыз акындар чыгармачылыгында «Замана» деп аталган багыт пайда болду. Анын көрүнүктүү өкүлдөрү: Молдо Кылыч Шамыркан уулу (1840-1917), Арстанбек Буйлаш уулу (1840-1882), Калыгул Бай уулу (1785- 1855) Молдо Ныяз (1823-1896) болушкан. Эл арасында Молдо Кылычтын «Зар заманы», Арстанбектин «Тар заманы», Калыгулдун «Акыр заманы» кеңири тараган. Акындардын чыгармаларында адамдын милдети, туура жашоо жөнүндөгү элдик түшүнүктөр чагылдырылган. Алар мурунку адамдарга мүнөздүү болгон адептүүлүктү, маданиятты ырга салышып жаштарды салт-санааларды билген адам кылып тарбиялоону белгилешкен. Бул кыргыз элинин жакшы маданиятынын сакталышына таасирин тийгизет деген ойлорду айтышкан.

XIX кылымдагы көрүнүктүү жазгыч акын Молдо Ныяз (1823-1896) кыргыз элинин маданиятында көрүнүктүү орунду ээлейт. Ал көп тил билген граждандык билим алган, маданияттуу жазгыч акын. Молдо

[2] Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. - Фрунзе, 1988, -696-бет.

Ныяздын ошол кездеги кыргыз элинде кадыр-баркы жогору болгон. Акындын «Санат дигараст», «Санат дигар», «Санат хасират» аттуу насааттары философиялык багытта болуп, насыят түрүндөгү жашоо чындыгын жаштарга эстетикалык эмгектик, адептик жана үй-бүлөлүк тарбия жөнүндөгү ойлору берилген.

Молдо Ныяз үй-бүлө тарбиясына, андагы эненин ролуна, акыл, эмгек жана дене тарбиясына акыйкаттыкка,- сүйүү жана эл достугуна өзгөчө.көңүл бөлгөн. Акын эмгек тарбиясы адамдын жүзүн ачып көрсөтүп, күч кубат берип, жашоого шарттандыра тургандыгын белгилеген.

Молдо Кылыч - молдо, халфалардан билим алган, жазгыч акын. Анын казалдары жазма түрүндө болгон. Молдо Кылыч табияттын сырларын баамдап, «Керме тоо», «Жинди суу», «Чүй баяны» аттуу поэмаларын жараткан. Акындын мурасы жанрдык ар түрдүүлүгү, көркөмдүк кудурети, ыр куруунун өзгөчөлүгү менен өз доорундагы акындардан айырмаланып турган.

Молдо Кылыч өз доорунда китеп маданияты, адабият менен таанышып, кыргыз элинин биринчи жазма адабиятын негиздөөгө киришип, жаңы идеялык талантты киргизген. Ал өз билимин элинин маданиятын өнүктүрүүгө жумшаган.

Акындын «Зар заман» поэмасында жаш муундар үчүн насаат айтылган. Молдо Кылычтын чыгармалары диндик этикалык негизинде дилдин тазарышы, адеп- ахлактын, соопкерчилик, кайрымдуулук өңдөнгөн гуманисттик түшүнүктөрдү, акыл-насааттарды камтыган.

Төкмө акын Жеңижок Көкө уулу (1860-1918) эл ичинде кадыр барктуу болгон, Анын ырларында педагогикалык идеялар кеңири орун алган. **А**кындын чыгармаларында үй-бүлө тарбиясы, мекенге болгон сүйүү, ынтымактын, жашоонун маданияты жөнүндөгү маселелер чагылдырылат.

Жеңижок өз элинин үрп-адатын, тилин, маданиятын сүйгөн, сыйлаган адамды чыныгы атуул атары эсептеген. Жеңижок ырчылык менен гана чектелбей, элдик оозеки чыгармачылыкты байыта алган. Ал «Манас», «Семетей», «Кожожаш», «Эр Төштүк» өңдүү эпосторду айткан. Ал гуманисттик багыттагы санат-насыяларды жараткан.

Жеңижоктун акындык чеберчилиги айтыш өнөрүнөн өзгөчө байкалат. Айтыш өнөрү - акындар поэзиясында салттуу өнөр катары бааланат. Жеңижок бул өнөрдө эч кимди алдына чыгарбаган таланттуу акын, ал сөз тапкычтыгы менен айырмалаиган. Жеңижоктун айтышкан ырлары акындар поэзиясындагы айтыш өнөрүнүн эң- мыкты үлгүлөрүнөн болуп саналат.

Кыргыз элинин төкмө акындарынын чыгармаларында жаш муундарды тарбиялоонун идеялары көрүнүктүү орун ээлеген. Акындар ар түрдүү окуяларга, аш-тойлорго, эл арасында чыгармаларын аткарып беришкен. Алардын ырларынын көркөмдүүлүгү, мазмундуулугу, тарбиялык кудурети күчтүү болгон. Себеби, акындар эл турмушун, элдин ой-тилегин, үмүтүн сезишкен. Ошол эле учурда акындар элдин көркөм өнөр мурастарын баалай билишкен, комузда кол ойноткон адамдардан болгон. Мына ушул жагдайлар

дагы кыргыз элинин маданиятынын өзөгүн түзүүгө таасирин тийгизген. Төмөндө кыргыз элинин акындарынын айрымдарына кайрыл а кетели.

Токтогул Сатылганов (1864-1933) — кыргыз элинин төкмө акыны. Акындын философиялык маанайдагы ырлары элдин аң-сезимин ойготуп, күрөшкө үндөп, агартуучулук күчкө ээ. Токтогулдун ырларында педагогикалык ойлордун тизмеги негизги орунду ээлейт[3]. Акын балдардын жаш курагын эске алып тарбиялоо керектигин белгилеп, гуманизмге, чынчылдыкка, эмгекчилдикке, б. а. адамдагы асыл сапаттарды калыптандырууга чакырган. Токтогулдун күүлөрү, ырлары кыргыз элинин маданиятынын өнүгүшүндө чоң мааниге ээ.

Тоголок Молдо (1860-1940) - жазгыч акын. Акындын ырларынан. тамсилдеринен педагогикалык көз караштарды байкоого болот. Тоголок Молдону кыргыз элдик педагогикасын, элдик маданиятты өнүктүргөн өкүл катары кароого болот. Себеби, акындын санаттары, насыяттары, термелери, үлгү ырлары достукка, жолдошчулукка, адамдарды балдарын жакшы сапаттарга тарбиялоого чакырган. Тамсилдеринде терс көрүнүштөрдү сындап, балдарды жаман сапаттардан арылтууга үндөгөн.

Тоголок Молдо кыргыз элинин фольклордук чыгармаларын кеңири жайылткан. Бул өз кезегинде кыргыз маданияты үчүн мааниге ээ.

Калык Акиев (1883-1953) - Токтогулдан үлгү алган акын. Акындын чыгармаларында жаңы муундагы педагогикалык ойлор кеңири орун алган[4].

Калык Акиев чебер комузчу, дастанчы болуп саналат. Ал «Курманбек», «Жаныш-Байыш» ж.б. жараткан. Өзүнүн дастанчылыгы менен кыргыз маданиятына салым кошкон.

Демек, кыргыз элинин маданиятынын өнүгүшүндө акындар чоң роль ойногон деп ишенимдүүлүк менен айта алабыз.

Биринчиден, алар элдик педагогиканын өнүгүшүнө, таалим-тарбия берүүчү идеяларды жаратышкан. Өз кезегинде тарбия алган жаш муундар маданияттагы прогрессивдүү каада салтын сакталышына таасирин тийгизет.

Экинчиден, акындар элдик чыгармаларды, дастандарды жаратып, аны жаратуучулар, көрүнүктүү комузчулардан болушкан. Бул жагдай элдик маданияттын өнүгүшүнө салым кошкон.

Үчүнчүдөн, кыргыздын заманчыл жана төкмө акындары белгилегендей элдик тарбиянын негизин өздөштүргөн адам гана маданияттуу инсан боло алат.

## Адабияттар:


1. Абрамзон С. М. Очерки культуры киргизского народа. - Фрунзе, 1946.
2. Кыргыз поэзиясывын антологиясы. -1-китеп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1980. 13-бет.
3. Юнусалиев Б.М. Манас - кыргызский героический эпос: // Манас - героический эпос кыргызского народа. - Фрунзе, 212-223- бет.


[3] Калдыбаева А. Элдик акындар жана тарбия. – Бишкек, 1995.
[4] Имаева Н. Педагогические идеи Токтогула Сатылганова. - Фрунзе,1971.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com


4. Айтмамбетов Д. О. Культура киргизского народа во II и в начале ХХ вв. - Фрунзе, 1967.

5. Койчуманов Ж.И. Идеи воспитания в творческом наследии Тоголок Молдо. - Фрунзе, 1904.

6. Рахимова М.Р., Панкова Т.В., Калдыбаева А.Т. Педагогика тарыхынын очерктери. - Бишкек, 1997. - 15-бет.

7. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. - Фрунзе,1988.

8. Калдыбаева АТ. Элдик акындар жана тарбия. Б., 1995.

9. Имаева Н. Педагогические идеи Токтогула Сатылганова. - Фрунзе, 1971.